2022-жылдын 10-ноябрында өткөн № 2-педагогикалык кеңешменин иш жазуусу.

Катышканы-17
Катышпаганы –

Педагогикалык кеңешмени мектеп директору К. Белеков ачып, карала турган күн тартибин белгиледи.

Күн тартибинде:

1. Биринчи чейректин жыйынтыгана анализ берүү жана экинчи чейректин милдеттерин белгилөө
2.Институционалдык жана программалык аккредитациядан өтүүдө айрым иш кагаздарды даярдоо боюнча коммисия түзүү
3. Мектеп ичинде алдынкы иш тажырыйбасы жайылтылган мугалимдердин жүргүзгөн иштери жөнүндө

**Угулду:**

Биринчи маселе боюнча окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары төмөнкүлөрдү билдирди. (билдирүү тиркелет)

**Сүйлөндү:**

Күн тартибиндеги каралып жаткан маселе боюнча төмөнкү мугалимдер жарыш сөзгө чыгышып, өз ойлорун айтышты.

1. Акималы кызы Кыял-билим сапаты эң төмөнкү көрсөткүчтү берген 9-класстын жетекчисинин билдирүүсү. 9-класста жалпы 10 окуучу окуйт. Өткөн жылы алардын ичинен 2 окуучу сабакты «жакшы» жана 2 окуучу сабакты «эн жакшы» деген баага өздөштүргөн ошол себептен билим сапаты жогору болгон. Бул окуу жылында 2 окуучу Асанбеков Элмирбек, Сыргакова Элизат бир нече сабактан «канааттандырарлык» баага окуп калгандыгына байланыштуу билим сапаты 20 % га түшүп калды. Бул окуучулардын өздөрү, ата-энелери жана предметтик мугалимдер менен бир нече жолу сүйлөшүү жүргүздүм. Бирок тилекке каршы эки окуучу тең сабактарынан жетише алышкан жок. Эмки чейректе жетиштиргенге аракет кылып жатабыз.

2. Бир сабактан үч чыккан окуучу жөнүндө сабак берген мугалим Табылды кызы Анаркүл төмөнкүлөрдү билдирди. 4-класстын окуучусу Самашов Калыйнур англис тили сабагынан эле «3» чыгып калгандыгы чындык. Себеби ушул окуучу эле англис тили сабагын эч өздөштүрө албай койду. Сабак учурунда да кошумча тапшырма берип, иштешип келем. Өздөштүрүүсү, кабыл алуусу жай болгон үчүн жетише албай келет. Чейрек чыкканга чейин өзүнө, класс жетекчисине жана ата-энесине бир нече жолу айтып эскерттим. Бирок эч кандай жыйынтык чыккан жок. Экинчи чейректе да аракет кылам жетишебиз деген ойдомун.

3. Бир сабактан үч чыккан окуучу боюнча сабак берген мугалим Омор кызы Айнур төмөнкүлөрдү билдирди. Кыргыз тили жана адабияты сабагынан эле 7-класстын окуучусу Дүйшенбекова Сузанна «3» чыгып калыптыр. Бул класска мен класс

жетекчи болуп да дайындалгам. Бул окуучунун өзү жана ата-энеси менен да дайыма байланышта болуп, сабагынан кошумча тапшырма берип турчумун. Октябрь айында ден соолугума байланыштуу бир айга жакын ооруканада болдум. Ошол учурда сабагымды алмаштырган мугалим жаңы келген жаш мугалим болгондуктан окуучунун ата-энеси менен байлашпай калып, окуучунун өздөштүрүүсүнө жараша баа чыгарып калыптыр. Ошол себептен бул окуучу бир сабактан «3» чыгып калды. Экинчи чейректе бул окуучу менен жекече иш алып барып жатам окуучунун өздөштүрүүсү, сабакка кызыгуусу жакшы. Алдын ала байкасам бул окуучунун сабагынан толук жетишкенге мүмкүнчүлүгү бар.

4. Билим сапаты эң жогорку көрсөткүчтү берген тарых сабагынын мугалими Самудинова Эльзада төмөнкүлөрдү билдирди. Биринчи чейректин жыйынтыгы боюнча менин сабагымдан билим сапаты 92%ды түзүп эң жогорку көрсөткүчтү берди. Тарых сабагы ооз эки сабак болгондуктан жана биринчи жолу кирип жаткандыктан окуучулардын кызыгуусу жакшы болуп жатат. Дагы бир себеби айрым окуучулардын аракетине карап, бир аз көтөрмөлөгөндөрүм да болду. Экинчи чейректе билим сапаты бир аз ылдыйлашы мүмкүн бирок негизинен жогорку эле көргөзгүчтү берет.

5. Класстардын билим сапаты эң жогору болгон 6-класстын жетекчиси Макишова Сайкалдын билдирүүсү. 6-класста жалпы 19 окучу. Алардын ичинен 10 окуучунун жетишкендиктери жакшы. 5 окуучу «эң жакшы» жана 5 окуучу «жакшы» деген бааларга окуп келет. Окуучулар сабакты эң жакшы өздөштүргөн себептен билим сапаты 52% түздү. Билим сапатынын жогору болушу үчүн предметтик мугалимдер, окуучулар жана алардын ата-энелери менен тыгыз байланышта иш алып барам.

Кенешменин төрагасы К. Белеков каралып жаткан маселени жыйынтыктап, кеңешменин чечиминин долбоорун окуду ал алымча кошумчадан кийин добушка коюлуп, төмөнкүдөй

**Чечим кабыл алынды:**

1. Биринчи чейректин жыйынтыгы канааттандырарлык деп табылсын.
2. Билим сапаты жогорку көрсөткүчтү берген 5-класстын жетекчиси Макишова Сайкалдын, жана тарых сабагынын мугалими Самудинова Эльзаданын жакшы иштери белгиленип, предметтик мугалимдер, окуучулар жана алардын ата-энелери менен иш жүргүзүү ыкмасы жалпы мугалимдерге жеткирилсин.
3. Жетектеген классынын (9-класс) билим сапаты төмөн болушунун себебин аныктап, предметтик мугалимдер, окуучулар жана алардын ата-энелери менен билим сапатын көтөрүү максатында тыгыз иш жүргүзүү Акималы кызы Кыялга милдеттендирилсин.
4. Бир сабактан «3» чыккан окуучулардын сабак өздөштүрүүсүнө байкоо жүргүзүү максатында декабрь айында төмөнкү мугалимдердин сабагына текшерүү жүргүзүлсүн жана жыйынтыгын 2023-жылдын 10-январында өтө турган №3 - педагогикалык кеңешмеде каралсын.

-Омор кызы Айнур кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими
-Табылды кызы Анаркүл англис тили сабагынын мугалими

5. Жогоруда сунушталган 2-чейректин милдеттери кабыл алынсын жана аткарылсын
6. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Адылбек кызы Элнурага милдеттендирилсин

**Биринчи чейректин жыйынтыгына анализ берүү жана экинчи чейректин милдеттерин белгилөө.**

Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Адылбек кызы Элнура 1-маселе боюнча төмөнкүлөрдү билдирет.

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинде 2022-2023-окуу жылында 17 мугалим эмгектенди. Чейрек башында 159 окуучу болчу, чейрек ичинде 4-класстан Омурбекова Сумая жана 6-класстан Омурбеков Усман кетип, келген окуучу болгон жок чейрек аягында окуучулардын жалпы саны 157 окуучу аяктады. 157 окуучунун 85 кыздар ал эми 72сы эркек балдар болду.

Билим сапаты 3-11-класстар арасында төмөндөгүдөй болду.

3-класс 40% 6-класс 52,6% 9-класс 20%
4-класс 41,6% 7-класс 45,4% 10-класс 33,3%
5-класс 35,7% 8-класс 27,7% 11-класс 33,3%

Жогорку көрсөткүчтөгү билим сапатын 6- класс 52,6%ды түздү.
Эн төмөнкү көрсөткүчтөгү билим сапатты 9-класс 20%ды ал эми 8-класс 27,7%ды түздү.
Предметтик билим сапаттар боюнча эн жогорку көрсөткүчтөгү билим сапатты 5-класстын тарых сабагы 92%
6-класстын кыргыз адабият сабагы 89%
3-класс математика сабагы сабагы 85% түздү.
Жалпы мектепте 19 отличник жана 27 ударник болду.

Жалпы мектептин билим сапаты биринчи чейректин жыйынтыгы менен 37,7% ды түздү.

Бир сабактан үч чыккан окуучулар

| | Аты жөнү | классы | предмети | мугалими |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Самашова Калыйнур | 4-класс | Чет тили | Табылды кызы А |
| 2 | Дүйшенбекова Сузанна | 7-класс | Кыргыз тили | Омор кызы Айнур |

Окуучулардын өздүк делолору боюнча айтсак 1-11- класстардын бардыгы толук.

**Иш мерчемдеринин жазылышы**

Сентябрь айында бардык иш мерчемдер түзүлүп бекитилди. Күндөлүк мерчемдерди жазууда башталгыч класстардын мугалимдери жоопкерчилик менен мамиле жазап, өз учурунда аткарып жатышты. Жогорку класстардын иш мерчемдеринин жазылышы боюнча айтсак 1-чейрек боюнча физика мугалими Шаршенбек кызы Жылдыз, орус тили жана адабият мугалими Макишова Сайкал, чет тили мугалими Табылды кызы Анаркүл, тарых мугалими Самудинова Эльзада, дене тарбия жана аскерге чейин даярдоо мугалими Бейшенбеков кагаз жүзүндө көрсөтүштү. Ал эми математика мугалими Джунушбаева Элмира, математика жана информатика мугалими Мырзабек кызы Айзат, орус тили жана адабият мугалими Акималы кызы Кыял электрондук вариант көрсөтүштү. Ал эми кыргыз тили жана адабияты Сатиева Перизат 6-8-10 класстарга сабак берет. 8-класстын күндөлүк мерчемдери толук эмес болчу. Бирок экинчи чейректин башында 8-класстын планын көргөзүп, кол койдурду

**Ачык сабактардын өтүлүшү.**

Математика мугалими Мырзабек кызы Айзат 7-октябрда 7-класска геометрия сабагынан «Бурч. Бурчтун биссектрисасы» деген темада ачык сабак өттү. Сабагын турмуш менен байланыштырып даярдаган. Мисалдары, сабактын структурасы бардыгы турмуштан алынган жана окуучуларга жеткиликтүү болду. Сабагында жаңы теманы слайд менен түшүндүрдү. Эс алуу минутасы, жагымдуу маанай дагы өтүлгөн тема менен байланыштуу болду. Сабагы максатына жетип, «жакшы» деп табылды.

Математика мугалими Джунушбаева Элмира 10-октябрда 5-класска «Натуралдык сандарды позициялык системада жазуу» деген темада ачык сабак өттү. Сабакты жаңы технологиялык каражаттарды колдонуунун негизинде эң жогорку деңгээлде өтүп берди. Өтүлгөн теманы кайталоого түзүлгөн суроолору, жаңы теманы видеосабак аркылуу түшүндүргөнү,темага карата берилген мисалдарды окуучулардын чыгарылуулары,бышыктоо катары ойнотулган «Керемет талаа», жыйынтыктоо максатында ойнотулган «Суроо-жооп» оюндары, «Чаташкан сандарды» «Ийгиликтуу сандар» аркылуу сабакты баалоосу негизинен мыкты ишке ашты. Окуучулар сабакка жогорку активдүүлүктө катышышты. Сабак эң жакшы деп бааланды.

Физика мугалим Шаршенбек кызы Жылдыз 7-класска физика сабагынан «Ылдамдануу. Ылдамдануунун бирдиги» деген темада ачык сабак өттү. Сабак жагымдуу маанай түзүү менен башталды. Класс топко эки бөлүндү. Өтүлгөн теманы мектептен үйгө чейинки схеманы чийүү менен жолдун траекториясы жана өзгөрмөлүү кыймылын окуучулар аныктап, мугалим менен бирдикте теманы ачып чыгышты. Сабакта ТСО, сүрөттөр, аркылуу жаны теманы түшүндүрүп бердим. Окуучуларга формулалар жана бирдиктер эстафетасын иштешти. “Сүрөттү карап маселе чыгаруу” деген тапшырма берилди окуучулар маселени чыгарышты. Сабакты бышыктоодо “quizizz программасы” арылуу тест түзүлгөн окуучулар экранга берилген суроолорго уюлдук телефондору менен жооп беришти. Окуучулар сабакка активдүү катышышты. Сабак максатына жетип жакшы деп табылды.

**Экинчи чейректин милдеттерин белгилөө**

**1.** Биология, химия, тарых, география сабактарынын берилишин текшерүү.

**2.** Мектеп ичинде олимпиадалык резерв боюнча иш алып баруу жана окуучулардын билим сапаттарын текшерүү.

**3.** Билим сапаты төмөн болгон класстардын билим сапаттарын көтөрүү үстүндө иш алып баруу.

**4.** Республикалык олимпиаданы мектептин ыргагында өткөрүү жана райондук турга окуучуларды аныктоо жана даярдоо

**5.** 5-класстын окуучуларынын ортоңку баскычка ынгайлануусу боюнча текшерүү жүргүзүү

**Угулду:**

Экинчи маселе боюнча мектеп директору К. Белеков төмөнкүлөрдү билдирди.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-июнундагы №381 «Негизи жана/же орто жалпы, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программаларынын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарынын аккредитациялоонун тартибин жана негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык ар бир билим берүү уюму аккредитациялоодон өтүүсү керек. Билим берүү уюмунун аккредитациялоонун эки түрү бар институционалдык жана программалык аккредитация. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин иш түзүмүнө ылайык биздин мектеп 2023-жылдын февраль айында институционалдык жана/же программалык аккредитация өтүшү керек. Менин сиздерге айтарым 2023-жылдын февраль айында аккредитациялоонун эки түрүнөн тең өтүүнү сунуш кылам, жогорудагы айтылган аккредитациялоонун түрлөрү боюнча маалымат берип кетейин.

**Институционалдык аккредитация** –Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган талаптардан жана критерийлерден төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге анын ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү уюмунун сапатынын денгээлинин баалоонун жол-жобосу.

**Программалык аккредитация-**тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге алардын ылайктуулугун таануу максатында билим берүү программаларынын сапатынын денгээлин баалоонун жол-жобосу.

Билим берүү уюмун аккредитациялоонун негизги максаттары төмөнкүлөр:

- билим берүүнүн сапатын камсыздоо
- билим берүү уюмдарын жана билим берүү программаларын бекитилген критерийлерге жана жол-жоболорго шайкеш келүүсүн көз карандысыз балоо (Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын, предметтик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн эмес):
- билим берүү уюмдарынын ишинин жана билим берүү программаларынын сапатына көз карандысыз баа берүүнүн жыйынтыктары, ошондой эле билим берүү уюмдарында сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө коомчулукка маалымдоо;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана квалификациялар жөнүндө докуметтерин дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде таанытууга көмөктөшүү;
- өзүн-өзү үзгүлтүксүз баалоо жана өркүндөө жолу менен билим берүү уюмдарын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү жана билим берүү программаларын өркүндөтүү;
- билим берүү уюмунун статусун ырастоо.

Билим берүү уюмунун сапатынын деңгээлин жана билим берүү программаларынын сапатынын деңгээлин баалоо максатында мектеп ичинде өзүн-өзү баалоо отчетун жүргүзүү үчүн комиссия түзүшүбүз керек. Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет.

- билим берүү уюмунун жетекчиси-комиссиянын төрагасы/төрайымы;
- билим берүү уюмунун жетекчисинин орун басарлары;
- билим берүү уюмунун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери;
- билим берүү уюмунун методикалык бирикмелеринин жетекчилери;
- камкордук кеңештин, окуучулардын, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрү.

Комиссиянын сапаттык курамы аккредитациянын түрүнө жараша болот:
- институционалык аккредитацияда курамга билим берүү уюмун башкаруу тажырыйбасы бар адамдарды кошуу сунушталат;
- программалык аккредитацияда курамда аккредитацияланууучу билим берүү программасы боюнча жоопту адамдар болушу керек.

Өзүн-өзү баалоо билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешменин чечиминин негизинде билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен түзүлгөн комиссия тарабынан аткарылат. Өзүн-өзү баалоону жүргүзүүнү баштоо жана аяктоо 3 айдан кем болбошу керек

Өзүн-өзү баалоо комиссиянын курамына кимдер кире тургандыгын билип алдыныздар, эми өзүн-өзү баалоодо ишти алып кете турган кесиптештерибизди жана өзүңүздөрдү сунуштасаңыздар болот.

Өзүн-өзү баалоо отчетун жүргүзүүнү комиссия 3 ай аралыгында иштеши керек. Менин сунушум комиссия 2022-жылдын 10-ноябрынан 2023-жылдын 10-февралына чейин өзүн-өзү баалоо отчетун жүргүзгөнү туура болот деп ойлойм.

Жобо боюнча так сандан 5 же 7 кишиден турган комиссиянын курамын сунуштаңыздар.

1.Билим берүү уюмунун жетекчиси комиссиянын төрагасы болуп дайындалат директор: Белеков Кыялбек Шапданбекович

2. Окуу тарбия иштери боюнча директордун оорун басары: Адылбек кызы Элнура комиссиянын орун басары

3. Класстан тышкаркы иштер боюнча уюштуруучу: Мырзабек кызы Айзат комиссиянын мүчөсү

Кесиптештер комиссиянын курамы канча кишиден турат жана ага кимдерди сунуштайсыздар өз оюңуздарды айтыңыздар.

**Сүйлөндү:**

1.Директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары Адылбек кызы Элнура өз оюн айтты. Өзүн-өзү баалоо отчетун жүргүзүүгө комиссиянын курамы 7 кишиден эле турганы туура деп ойлойм. Комиссиянын курамына башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жетекчиси Дүйшөева Айсулууну жана табияттык усулунун бирикме жетекчиси Шаршенбек кызы Жылдызды сунуштайм. Менин оюмча аккредитациялоонун эки түрүнөн тең программалык жана институционалдык аккредитациядан өткөнүбүз туура болот.

2. Макишова Сайкал-орус тили жана адабияты сабагынын мугалими өзүн-өзү сунуштады. Мен өзүн-өзү баалоо отчетун жүргүзүүчү комиссиянын курамына кошулууну каалайм. Себеби мектепте жүрүп жаткан иштер менен таанышып, мектеп жетекчилигине жардам берсем дейм. Тилчи болгондуктан комиссиянын курамында болгонум туура болот.

3. Табылды кызы Анаркүл-англис тили сабагынын мугалими өзүн-өзү сунуштады. Мен мектеп китепканасында да иштегениме байланыштуу өзүн-өзү баалоо отчетун жүргүзүүчү комиссиянын курамына кошулууну туура көрдүм. Себеби китепкананын иш кагаздарын даярдап, мектеп жетекчилиги үчүн да жардамымды берип жана өзүм үчүн көп нерсени үйрөнүп алуума комиссиянын курамына болууну туура деп ойлойм.

Жогорудагы өзүн-өзү баалоо отчетун жүргүзүүгө сунушталган комиссиянын курамын педогогикалык жамаат бир добуштан колдошту

Кеңешменин төрагасы К. Белеков каралып жаткан маселени жыйынтыктап, кеңешменин чечиминин долбоорун окуду, ал алымча кошумчадан кийин добушка коюлуп, төмөнкүдөй

**Чечим кабыл алынды:**

1. Өзүн-өзү баалоо отчету 2022-жылдын 10-ноябрынан баштап, 2023-жылдын 10-февралына чейин өткөрүлсүн.

2. Мектеп аккредитациялоонун төмөнкүдөй түрүнөн өткөрүлсүн.
   - программалык аккредитация
   - институционалдык аккредитация

3. Аккредитацияланууучу программалар төмөнкүдөй бекитилсин
-орто жалпы билим берүү
-негизги жалпы билим берүү

4. Өзүн-өзү баалоо отчетун жүргүзүүгө төмөнкүдөй комиссиянын курамы түзүлсүн.

| | | |
|---|---|---|
| -Белеков Кыялбек Шапданбекович | директор | төрага |
| -Адылбек кызы Элнура | завуч | орун басары |
| -Мырзабек кызы Айзат | уюштуруучу | мүчө |
| -Дүйшөева Айсулуу Нурбековна | БКУБнин жетекчиси | мүчө |
| -Шаршенбек кызы Жылдыз | ТУБнин жетекчиси | мүчө |
| -Макишова Сайкал Шаршенбековна | орус тили мугалими | мүчө |
| -Табылды кызы Анаркүл | англис тили мугалими | мүчө |

5.Өзүн-өзү баалоо отчету 2023-жылдын 10-февралында бүткөрүлүп, педагогикалык кеңешмеге бекитүүгө жиберилсин

**Угулду:**

Күн тартибинде үчүнчү маселе боюнча мектеп директору К. Белеков төмөнкүлөрдү билдирди.(билдирүү тиркелет)

**Сүйлөндү:**

Күн тартибинде каралып жаткан маселелер боюнча төмөнкү мугалимдер өз ойлорун айтышты.

1. Адылбек кызы Элнура директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары география сагынын мугалими. Кесиптешибиз Мырзабек кызы Айзаттын окуучулардын билим сапатын көтөрүү, мектептин ишин алдыга жылдыруу боюнча аракети жакшы. Ата-энелер мектеби боюнча да мектеп ичине жакшы иштерди алып барууда. Сабак өтүүдө ар кандай жаңы ыкмаларды колдонуп жүрөт. Иш тажрыйбасын жайылтуудагы тандалып алынган темасы да азыркы шартка туура келет. Ушул мугалимдин иш тажрыйбасын жайылтуудагы изилдөө баскычында иш алып баргандыгы туура эле болот.
2. Табылды кызы Анаркүл англис тили сабагынын мугалими. Менин оюмча да Мырзабек кызы Айзаттын иш тажрыйбасын жайылтуусу туура деп ойлойм. Себеби бул мугалим өзү тандап алган теманын үстүндө көптөн бери иштеп келе жатат. Окуучулардын шыгын ойготуу үчүн көптөгөн аракет жасап, жаңы ыкмаларды байма-бай колдонуп келе жатат. Аракетчил көптү билгенге, көптү жасаганга аракет кылган жакшы мугалимдердин бири. Бул мугалимдин иш тажрыйбасы жайылтылганы туура болот деп ойлойм.
3. Саргазакова Нуржан башталгыч класстар мугалими. Мен дагы ушул мугалимдин иш тажрыйбасынын жайылтылганын туура көрөм. Себеби жалпы мугалимдер үчүн жакшы болмок. Жаңы ыкмаларды колдонуу, окуучуларды шыктандырып сабак өтүүнүн усулдарын бир аз болсо да үйрөнөт элек.

Кеңешменин төрагасы К. Белеков каралып жаткан маселени жыйынтыктап, кеңешменин чечиминин долбоорун окуду, ал алымча кошумчадан кийин добушка коюп, төмөнкүдөй

Чечим кабыл алынды:

1. Алдынкы иш тажрыйбасын жайылтуу боюнча иштердин жүрүшү канааттандырарлык деп табылсын.
2. 2022-2023-окуу жылында математика сабагынын мугалими Мырзабек кызы Айзаттын иши жакшы деп табылып, иш тажрыйбасын жайылтуу үчүн «изилдөө» баскычында иш алып баруусу милдеттендирилсин.
3. 2022-2023-окуу жылында геогрperiod сабагынын мугалими Адылбек кызы Элнуранын иш тажрыйбасын жайылтуунун «жалпылоо» баскычында иш алып баруусу милдеттендирилсин.
4. 2022-2023-окуу жылында башталгыч класстар мугалими Тойгонбаева Назгүлдүн иш тажрыйбасы мектеп ичинде жайылтылсын.
5. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөөгө директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Адылбек кызы Элнурага милдеттендирилсин.

Педагогикалык кеңешменин төрагасы: ________ К. Белеков

Педагогикалык кеңешменин катчысы: ________ Табылды кызы Анаркүл

Мектеп ичинде алдынкы иш тажрыйбасы жайылтылган мугалимдердин жүргүзгөн иштери жөнүндө

Башталгыч класстын мугалими  Тойгонбаева Назгүл 2020-2021-окуу жылында “ Башталгыч класстарды окутууда интерактивдүү ыкмаларды колдонуунун жолдору” деген тема боюнча изилдөө баскычында изилдөө иштерин жүргүзгөн. Ал эми 2021-2022-окуу жылында «Жалпылоо» баскычында иш алып барган. 2022-2023-окуу жылында Тойгонбаева Назгүл эженин иш тажрыйбасы мектеп ичинде жайылтылат.

Ал эми география мугалими Адылбек кызы Элнура 2021-2022-окуу жылында «Изилдөө» баскычынан өткөн эми эрежеге ылайык 2022-2023-окуу жылында «жалпылоо» баскычында иш алып барат. “Заманбап сабак-бул натыйжалуу жана сапаттуу билим берүүнүн негизи” деген тема боюнча жалпылоо баскычында иш алып барууда. Сабак өтүүдө компьютердик технологияны колдонуу менен сабактарда негизги материалдарды слайд менен көрсөтмөлөрүн көрсөтө алса, анда сабактын көрсөтмөлүүлүгү андан дагы жогорулап, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу күчөп, эске тутуп калуусу бекемделет. Учурда компьютердин жардамы менен бир экранга бир нече сюжеттерди киргизип, аларга анализ жүргүзүлүп ошондой эле салыштырууга толук  мүмкүндүктөр болот. Азыркы учурда берилген тема боюнча изилдеген иштерин жалпылап толуктап жатат. Бул эки мугалимдин тен иштери алгылыктуу жакшы жүрүп жатат.

2022-2023-окуу жылында кесиптешибиз Мырзабек кызы Айзаттын иш тажрыйбасын изилдөө баскычында иш алып барат. “Окуучуларды шыктандырып сабак өтүү” деген тема боюнча изилдөө баскычында иш алып барууда. Сабак окуучу үчүн жөн эле билим тарбия ала турган жай эмес, өзүнүн сезим, ой толгоосу активдүү иштеп, кыйналган көп суроолорго жооп ала турган учур, жай болуусу керек. Бул үчүн мугалим өз предметин терең билген, турмуш, илим, азыркы заман, келечек менен байланышта болуусу зарыл. Шыктандыруу бул кызыгуунун жогорку баскычы. Шыктандырып сабак өтүү үчүн эмне кылуу керек? деген суроонун үстүндө иш алып барууда.